**"Бекитемин"**
К.Карасаев атындагы БГУнун илимий, эл аралык байланыштар жана мамлекеттик тил боюнча проректору, ф.и.д., проф. Г.М.Мурзахмедова
___________________________
"5" январь 2018-жыл

Тажибаева Жаркын Кадыркуловнанын "Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсанды калыптандыруу идеялары жана аларды адабият сабагында окутуп-үйрөтүүнүн илимий методикалык негиздери" деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына карата **жетектөөчү илимий мекеменин**

## РАСМИЙ ПИКИРИ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу:** Мектепте Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутуунун мазмуну жаш муундарды ар тараптан тарбиялоодо аларга инсандык мыкты сапаттарды калыптандыруунун негизги үлгүлөрүн түзүүдө ачылат. Анткени Ч.Айтматовдун чыгармалары нравалык, моралдык сапаттарга тарбиялоочу каражат катары таанылган. Анын чыгармаларында улуттук рухубуздун дүйнөлүк деңгээлде көркөм иштелиши кийинки муунга улуттук аң-сезимдин, адамкерчилик сапаттардын, патриоттуулуктун негизи болуу менен мектептеги тарбиялык иштердин негизги мазмунун түзөт. Ч.Айтматовдун чыгармаларында орун алган каармандардын үлгү болуучу сапаттары улуттук баалуулуктарды чагылдырып, инсанды улуттук дөөлөттөрдү таанууга, гумандуулук, патриоттуулук, сабырдуулук жана адамкерчиликтин баалуу каражаттарын жакындан өздөштүрүүгө жол ачып берет. Ырас, бул багытта кыргыз адабият таануу илими менен улуттук педагогикада окумуштуулар тарабынан бир катар маанилүү ойлор айтылып, өзөктүү сунуштар киргизилгени менен монографиялык мазмунда толук иликтөө боло электигин изденүүчү туура белгилеген. Бул изилдөөдө Ч.Айтматовдун чыгармаларынын адамзаттык маани-маңызын ар тараптан ачып берүүгө басым жасалып, жазуучунун мектеп программасына кирген повесть-романдарынын тарбиялык мааниси изилдөөгө алынып, анын жалпыга кеңири маалым образдарын таанытуу, алардагы жаш муундарды адамкерчилик, патриоттук мыкты сапаттарга үндөгөн сапаттарын иргеп, окуучуларга кантип жеткирүүнүн жана ал аркылуу тарбия берүүнүн жол-жоболору сунушталган. Ал азыркы учур үчүн маанилүү болуп турган инсанга багыттап окутуунун

психодидактикалык концепциясында иштелип чыккан. Окуучуга сунушталган идеялар инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери менен айкалыштырылып, инсан үчүн зарыл болгон илимий түшүнүктөр окутуунун традициялык жана инновациялык сабактарында иштелип чыгып, алардын арасында интерактивдүү окутуунун айрым аспектилери да каралат. Сабакты оптималдаштыруу, окутуу-тарбиялоо процесстерин конструкциялоо, окутуудагы проблемалуулук, окутуунун интерактивдүү жана салттуу ыкмалары интерактивдүү оюндар менен коштолуп, окуу материалын өздөштүрүүдө этаптуулукта ишке ашырылат. Жалпысынан алганда, Ч.Айматовдун чыгармаларындагы оң каармандар аркылуу чагылдырылган адамкерчилик-атуулдук сапаттар аркылуу жаштарды инсандык мыкты сапаттарга калыптандыруу диссертациялык иштин илимий-методикалык жактан изилдөөгө актуалдуулугу экенин ачыкка алып чыккан. Ал төмөнкүдөй кыйынчылыктарды чечүү багытын көздөйт: 1) учурда мектеп окуучулары көркөм – адабий китептерди жакшы окубай, мектепте алардын түп нускасы менен таанышпай эле, сабакта алган маалыматтар менен чектелгенин жөнгө салуу; 2) сабактан окуп-үйрөнүшкөн каармандарынын мыкты сапаттарын жеткире таанбай, сюжетти айтып берүү менен чектелген кырдаалды жоюп, инсандык мыкты сапаттарга ээ болуунун жолдорун педагогикалык коомчлукка алып чыгуу; 3) мектептерде адабият сабагын окутуу боюнча түзүлгөн мамлекеттик стандарттагы компетенттүүлүктөр, андагы окуучулар ээ болуучу натыйжалар, окуучунун билимин баалоо стратегияларын мектеп практикасына жеткирүү; 4) Ч.Айтматовдун мыкты каармандар аркылуу чагылдырылган инсандык үлгү сапаттарды системалап, мүнөздөп, аларды калыптандыруунун моделин иштеп чыгуу. Ал тандап алган **теманын актуалдуулугун** кыргыз мектептеринде жогорку класстын окуучуларынын инсандык, ыймандуулук, нравалык, моралдык сапаттарга, улуттук баалуулуктарды өздөштүрүүгө калыптандырууда үлгү болуучу сабактарды түзүү жана жайылтуу окутуунун жана тарбиялоонун натыйжалуу болоору менен аныкталат.

**2. Изилдөөнүн илимий жоболорунун, жыйынтыктарынын жана сунуштардын негизделишинин даражасы.**

Диссертацияда иштелип чыккан илимий жоболордун, жалпы жыйынтыктардын жана практикалык сунуштардын негизделишинин даражасы эксперименталдык тажрыйбалык иштердин жалпы жыйынтыктарын статистикалык негизде анализдөө менен камсыз кылынган. Ошондой эле педагогиканын, психологиянын, адабиятты окутуу методикасынын теориялык жоболорунун бул

изилдөөнүн практикалык аспектилери менен болгон ички өз ара байланыштары ишке ашырылгандыгы диссертацияда ынанымдуу белгиленген.

Диссертациянын түзүлүшү ишке карата коюлган милдеттерге дал келип, ал эми милдеттердин аткарылышы логикалык ырааттуулукта, удаалаштыкта берилген. Диссертациялык иш киришүү, үч глава, алардан чыккан корутунду, жалпы корутунду, пайдаланылган адабияттардын тизмеси (170) жана кошумча тиркеме, таблицалар менен сүрөттөрдөн турат. Диссертациянын негизги көлөмү талапка жооп берет (160 бет). Иштин киришүүсүндө теманын актуалдуулугу белгиленет, б. а. аталган теманы изилдөөгө зарыл болгон маселелер, изилдөө багыттары, аныкталган теориялык жана практикалык проблемалар, коргоого коюлуучу негизги жоболор, изилдөөнүн жыйынтыктарынын аппробацияланышы тууралуу жалпы маалыматтар айтылат.

Иштин 1-главасы **"Инсандын белгилери аны адабият сабагында окуп үйрөнүүнүн, калыптандыруунун негиздери жана Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттарынын чагылдырылышы"** деп аталып, анда инсан жана аны калыптандыруунун теориялык негиздери каралган. Инсан түшүнүгү боюнча окумуштуулардын эмгектери анализге алынып, ал инсандын жеке өзүндөгү белгилер, анын индивидуалдуулугу, интеллектуалдык, эмоционалдык жана эрктик сфераларда да аныкталуучу сапаттар айырмаланып көрсөтүлөт. Окуу процессинде инсандын калыптануусуна таасир этүүчү ишмердүүлүк оюн, окуу, эмгек иштери менен алака-катышта түшүндүрүлөт. Аталган иш чаралардын мазмунун ачууда негизги факторлор социалдык, биологиялык, жаратылыштык, психологиялык шарттар менен чечмеленип, аны аныктоочу суроолор адамдын инсан катары калыптануусуна маанилүү роль ойногон этаптарга байланыштырылып түзүлгөн. Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын адамгерчилик үлгү сапаттарынын чагылдырылышын изилдөөдө изденүүчү кыргыз адабиятчыларынын эмгектерине таянып, жазуучунун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттарын мүнөздөөгө жетишкен жана ал боюнча таблица түзүп, окуу процессине сунуштаган. Мектептердеги окутууга дал ушундай үлгү болорлук сапаттарды салттуу жана интерактивдүү усулдар менен айкалыштырып окуу сунушталса, бүгүнкү күндөгү жаш муундарды окууга кызыктыруудан сырткары адамкерчилик, ыймандуулук, боорукердик касиеттер калыптана турганын аталган глава ынанымдуу көрсөтө алган.

Иште 2-глава **"Ч.Айтматовдун повесттериндеги каармандардын үлгү сапаттарын окуп үйрөнүү жана ал аркылуу окуучулардын инсандык сапатын калыптандыруу методдору"** деп аталышта берилип, анда белгиленген жана изилденген окутуунун усулдары салттуу жана интерактивдүү жүзөгө аша

турганы көрсөтүлгөн. Ч.Айтматовдун чыгармаларын окууда салттуу жана интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен инсандык баалуулуктарга окуучуларды үйрөтүү иштерин жүргүзүүнүн артыкчылыктары ачылып берилип, эксперименттик иштерде окуучунун аң-сезимине, туюмдарына, эрктик сапаттарына таасирин тийгизе турган шарттарга көңүл бурулуп, темага жараша, алардын инсандык баалуулуктарды өздөштүрүүсүнүн деңгээли жана пайыздык көрсөткүчтөрү аныкталган. Булардан сырткары тажрыйба учурунда өтүлгөн сабактарда талкуу уюштурулуп, тегерек үстөл, кейс, симпозиум, форум өткөрүлүп, Ч. Айтматовдун чыгармаларын сахналаштыруу менен ролдук оюндардын аткарган кызматтарына анализ берилген. Бул главада Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттары кенен талданып, проблеманы изилдөө кеңири масштабда жүргөн.

Ал эми 3-глава "**Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык сапаттардын мисалында окутууну калыптандыруунун моделин жүзөгө ашыруу боюнча жүргүзүлгөн эксперимент**" деп аталып, анда изилдөөнүн жүрүшү жана жыйынтыктары чагылдырылган. Изилдөө Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандар аркылуу инсандык үлгү сапаттар, аларга жараша жаш жеткинчектерди калыптандыруу идеяларын системага салуу максатын көздөгөндүктөн, иштелип жаткан маселе жазуучунун окуу программасына киргизилген бардык чыгармаларына байланыштуу талдоого алынып, пайдаланууга негиз берген моделдин түзүлгөнүн байкоого болот. Моделге камтылган ойлор мектеп мугалимдери жана жогорку класстын окуучулары менен пикир алышууларда, тест жүргүзүүдө такталып, сабактарга катышууда, дил баян жазууда, мектептик олимпиадаларда, ж.б. практикалык иштерде толукталып, сыноо иштери кандай болгону тууралуу жеткиликтүү маалымат чагылдырылган. Эксперименттик ишти жүргүзүүдө шаардык жана райондук мектептерден алынган жыйынтыктар жалпылаштырылып, кетирилген кемчилдиктерди жоюу, ийгиликке жетүү жолдору системалуу камтылган. Мына ушундай шарттарды аткарууда анализдерден кийин мектептердеги эң маанилүү проблемалардын бири болуп окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандыруудагы көркөм адабияттын орду жана аны туура жүргүзүү жолдору иштелип чыккан жана аларды окуу процессине сунуштоо этаптары белгиленип, багыттары ырааттуу жайгаштырылган. Ч.Айтматовдун чыгармаларын өздөштүрүүсүнө жолтоо болгон жагдайлар менен окуучунун кызыгуусун арттырган ири табылгалар эскпериментерден келип чыккан көрсөткүчтөргө таянуу аркылуу түшүндүрүлөт. Талдоо менен берилген пайыздык көрсөткүчтөр логикалык жактан ынанымдуу, б. а. окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандыруудагы көркөм адабияттын ордун жана аны туура жүргүзүү

жолдорун аныктоочу анкеталык суроолор Ч.Айтматовдун конкреттүү чыгармасына байланыштырылып түзүлүп, бул иште комплекстүү изилдөөгө багыт алынган шарттар менен коштолот.

Корутунду бөлүмдө изилдөө иши боюнча жүргүзүлгөн эксперименталдык жумуштардын жалпы жыйынтыктары, алар боюнча чыккан корутундулар жана практикалык сунуштар айтылган.

Изилдөөнүн акырында адабияттардын тизмеси жана тиркемелер орун алган. Тиркемелерде окутуу иштерин жакшыртуу үчүн иштелип чыккан методдор, педагогикалык жана илимий-методикалык каражаттар, таблицалар сунушталган. Аларда тажрыйбалык-эксперименталдык иштердин мазмуну, натыйжалары, педагогикалык иш-тажрыйбалар жалпылаштырылып, керектүү жыйынтык-корутундуларды чыгарууга негиз болуучу материалдар берилген.

**3. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси.**

Диссертациялык иш Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын инсандык сапаттарын аныктоо менен адамгерчилик сапаттарынын иргелип алуу жана анын негизинде мектеп окуучуларын тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрүнүн педагогикалык коомчулукка алып чыгууда аткарылуучу иш чаралардын моделин түзүүгө жетишкен. Бул проблеманы аткарууда билим берүүдө кездешкен көйгөйлөрдү аныктап, инсандык атуулдук таалим-тарбия берүү идеяларынын системасын мектеп программасынын негизинде кантип жөнгө салууга мүмкүн экендигин ачыкка чыгарып, мектептерде Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы үлгү каармандарды талдап-үйрөнүүдө окуучуларга атуулдук тарбия берүүнү модель боюнча иштөө натыйжага жетүүнүн негизги белгилерин түзүп, үлгүгө жараша методдорду жана технологияларды сунуштай алган.

**4. Изилдөөнүн практикалык баалуулугу:**

Диссертациялык иштин мазмунунан алынган жыйынтыктар кыргыз адабиятын мектепте окутуу боюнча стандарттарды, окуу программаларын, окуу китептери менен методикалык адабияттарды иштеп чыгууда, мындан ары өркүндөтүүдө, мектептеги класстан тышкаркы жумуштарды жүргүзүүдө, адабий ийримдерди өткөрүүдө, аларда окуучуларга адамгерчилик, атуулдук тарбия берүүгө үйрөтүүдө колдонулуп, ЖОЖдордо кесиптик билимин арттырууда окутуучулардын дарстарынын мазмунун жакшыртууга, болочок мугалимдерге адистик билим берүүдө практикалык иштерди уюштурууга, аспиранттар менен изденүүчүлөрдүн Ч. Айтматовдун чыгармаларын ар тараптуу изилдеп үйрөнүүгө, мектептерде методисттер менен мугалимдерге окуучулардын Ч.Айтматовдун чыгармаларын турмушка байланыштырып өздөштүрүүгө пайдаланылат.

Изденүүчүнүн **жеке салымы** катары мына буларды белгилөөгө болоор эле:

Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттарын жазуучунун бир нече чыгармасынан топтоп, мектеп окуучулары үчүн маанилүү болгондорун өзүнчө бөлүп, кенен талдоого алууга жетишкен. Аларды жалпылаштыруу менен кыргыз адабияты боюнча пайдалануу жолдорун көрсөтүп, окуучуларда инсандык, ыймандуулук, боорукердик сапаттардын болушуна өбөлгө түзгөн кырдаалдарга токтолуп, мугалимдерге окуу процессинде колдонууга мүмкүн болгон бир катар педагогикалык шарттарды иштеп чыгып, үйрөтүүнүн методдорун эксперименттен өткөзүп, практикага сунуштай алган. Изденүүчү тарабынан иште берилген тыянактары алгач ирет иликтөөгө алынып, жыйынтыктарын сыноо жумуштары изденүүчүнүн катышуусу жана көрсөтмөсү боюнча жүргүзүлүп, жалпы корутунду менен сунуштар чыгарылгандыгы менен түшүндүрүлөт.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмуну менен дал келиши.**

Диссертациялык иш киришүү, үч глава, корутунду, пайдаланылган адабияттардын тизмеси жана кошумча тиркеме, таблицалар менен сүрөттөрдөн турса, автореферат диссертациянын мазмунун толук чагылдырган. Изилдөөнүн милдеттеринин чечилиши авторефератта главалар боюнча так көрсөтүлгөн. Авторефераттын көлөмү резюмелерди кошпогондо белгиленген талаптан ашкан эмес. Жалпысынан, диссертациялык изилдөө ийгиликтүү иштелген, өз алдынча аткарылган, толук бүткөрүлгөн иш катары оң баага татыктуу. Аталган ийгиликтер менен кошо ***айрым мүчүлүштүктөр*** да байкалды, алар:

***Биринчиси,*** диссертацияда изденүүчү проблеманы кеңири масштабда алганына байланыштуу бул маселеге класстарга байланыштуу аткарылса натыйжалуу болмок, анткени ар бир окуучуда инсандык сапаттардын калыптануусуна жаш курактын да маанилүү орду бар экенин да жокко чыгара албайбыз.

***Экинчиси,*** жалпы корутунду ынанымдуу чыгарылган, милдеттердин ар биринин чечилишинин деңгээли аткарылган шартта ылайык көрсөтүлгөн, бирок изилденип жаткан проблемага жалпы маселе таандык болгондуктан, анын практикалык мазмуну маанилүү роль ойнойт. Ошондуктан ишти аткарууда ушул проблемага түздөн-түз тиешеси бар башка предметтердеги маселелер .да камтылып, азыркы мектеп окуучусунун мисалында предметтерди интеграциялоого сунуштар берилсе, иштин мазмуну мындан да сапаттуу болмок.

*Үчүнчүсү*, диссертациялык иште техникалык каталар кездешет, маселен адабияттарда алфавиттик тартип бузулган жерлер арбын жана максатсыз бир жерге топтолгон (мисалы 118-адабият) эмгектер бар.

Бирок белгиленген мындай мүчүлүштүктөр принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес, алар изилдөөнүн жалпы деңгээлин төмөндөтпөйт. Себеби, диссертациянын жыйынтыктары окуучунун окурмандык кызыгуусун калыптандыруу багытында окутуунун теориясы менен практикасына олуттуу салым кошо ала турган изилдөө катары өз ордун тапкан.

Тажибаева Жаркын Кадыркуловнанын "Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсанды калыптандыруу идеялары жана аларды адабият сабагында окутуп-үйрөтүүнүн илимий методикалык негиздери" деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын "Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү" Жобосунун талаптарына толук жооп берет. Ал эми изденүүчү Тажибаева Ж. К. 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Пикир К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин кыргыз адабияты кафедрасынын кеңейтилген (педагогика кафедрасы менен биргеликте) жыйынынын отурумунда 2018-жылдын 4-январында (№ 1-протокол) талкууланып, бекитилди.

Отурумдун төрагасы,
педагогика илимдеринин
доктору, доцент **Акматов Б.М.**

**катчысы:** **Жакыпбекова А. К.**

Дата поступления отзыва
в ДС: 08.01.2018 г.
Уч. секр. ДС